**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**НАРЫН ОБЛУСУ**
**ЖУМГАЛ РАЙОНУ**
**КУЙРУЧУК-КЫЗАРТ**
**АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**ЖУМГАЛЬСКИЙ РАЙОН**
**АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**КУЙРУЧУК-КЫЗАРТСКОГО**
**АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

---

**Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айылдык кеңешинин II-чакырылышынын IV-кезектеги сессиясынын**
**Токтому №7/7**

2025-жылдын 11-сентябры — Жаңы-Арык айылы

**Куйручук-Кызарт айыл аймагындагы “Ынтымак” паркынын локалдык сметасына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” Мыйзамынын 34-беренесин жетекчиликке алып, Жумгал райондук өнүктүрүү фонду тарабынан каржыланып жасалып жаткан Куйручук-Кызарт айыл аймагындагы “Ынтымак” паркынын локалдык сметасындагы газон жана сугаруу системасына сарптала турган акча каражатына ашкана жана ажаткана салууга Куйручук-Кызарт айыл өкмөтүнүн кайрылуусун угуп жана талкуулап, Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айылдык кеңеши, **токтом кылат:**

1. Куйручук-Кызарт айыл аймагындагы “Ынтымак” паркынын локалдык сметасынын 10-15 позицияларындагы газон жана сугаруу системасына бөлүнгөн акча каражаты ашкана жана ажаткана салуу үчүн жылдырууга макулдук берилсин;

2. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Куйручук-Кызарт айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы К.Э.Жусуповго милдеттендирилсин.

**Төрага:** **Уланбек уулу Жыргалбек**